«Бекитемин»

Талас мамлекеттик университетинин
окуу жана илимий иш боюнча проректору,
филология илимдеринин доктору,
профессор С.С. Жумалиев
_____________"

«18 май» 2021-ж.

Толоев Максатбек Жеңишовичтин «Жогорку класстын мектеп окуучуларынын агрессивдүүлүк жоруктарын жоюунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеменин

ПИКИРИ

1.**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Дисссертациялык иштин темасы актуалдуу себеби, коомдогу социалдык-экономикалык проблемалар мектеп окуучулары арасында агрессивдүүлүктүн ар кандай түрлөрүнүн жаралышын шарттоо менен, бул багыттагы, атайын изилдөө иштери керектигине алып келди. Изилдөөнүн фундаменталдык жана колдонмо мүнөздө болуусу менен учурдагы ата-мекендик илим жана билим чөйрөсүндө мурда иштелбеген проблеманы чечүүгө арналган. Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында жогорку класстын окуучуларынын арасында пайда болгон агрессивдүү жоруктарын жоюу проблемасынын теориядагы жана практикадагы абалынын, бул проблеманы жоюунун зарылдыгы изилдөөнүн өзөгүн түзөт.

Коомдогу өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарынын келип чыгышынын

себептери (өспүрүмдөрдүн коомдо жашоо тууралуу тажырыйбасынын аздыгы жана алардагы эмпатиянын деңгээлинин төмөндүгү, өспүрүм курактагы окуучулардын өзүн реализациялоодогу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги, чоңдордун же курбуларынын агрессивдүү жүрүм-турумдарын идеалдаштыруу жана аларды тууроо; чоңдордун балдарга болгон чектен чыккан агрессивдүүлүгү ж.б). жана анын мазмуну, окуу тарбия ишинин жүрүшүндө алдын алууга же жоюунун педагогикалык-психологиялык механизмдери, тарбия иштеринин алгылыктуу формалары, усулдары ар тараптуу жана терең изилденген.

**2.Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** КРда кабыл алынган расмий документтерди, изилдөөнүн проблемасы менен байланышкан илимий булактарды жана педагогикалык практиканы талдоонун негизинде жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарын жоюу проблемасынын теориядагы жана практикадага абалы аныкталды; жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарынын, келип чыгышынын өзгөчөлүктөрү, факторлору айкындалды; жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарын жоюунун теориялык модели жана аны ишке ашыруу аныкталды; педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыккандыгында.

**3. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган мектептин жогорку классынын окуучуларынын арасында пайда болгон агрессивдүү жоруктарын аныктоо жана жоюу технологиясын, каражаттарын, методикалык сунуштарды, теориялык моделди жогорку окуу жайдын окутуучулары, студенттери жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстардын угуучулары, мектеп мугалимдери, класс жетекчилер жана ата-энелер колдонсо болот.

**4. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү** алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери,

экспериментин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**5. Изденүүчүнүн жекече салымы.** Мектепте жогорку класстын окуучуларынын арасында орун алган агрессивдүү жоруктарын жоюунун теориядагы жана практикадагы абалы аныкталды; жогорку класстын окуучуларынын арасында агрессивдүү жоруктарынын пайда болушунун факторлору, мазмуну аныкталып, аны жоюунун педагогикалык шарттары жана теориялык модели, технологиясы иштелип чыгып, натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте тастыкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдар талданып, окуу методикалык комплекстер, практикалык сунуштар иштелип чыгып, мектеп практикасына киргизилди.

**6. Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.** Изилдөөнүн темасына байланыштуу 9 эмгек анын ичинен 7 макала РИНЦ системасында жарыяланган.Изилдөөнүн жыйынтыктары И. Арабаев атындагы КМУда, регионалдык, республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда талкууланып алардын материалдары жарык көргөн; окуу-практикалык колдонмо басылып чыккан. Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**7. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

Диссертациялык эмгекте жетишилген жыйынтыктар жана сунуштар илимий жактан негизделип, практикалык колдонулушу чоң мааниге ээ болгону менен иште кетирилген төмөнкү мүчүлүштүктөр бар:

1. Изденүүчү үчүнчү милдет катары “Жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюунун педагогикалык шарттарын, критерийлерин жана деңгээлдерин аныктоо жана теориялык моделин иштеп чыгуу”. – деген милдетти кабыл алган. Бул критерийлер жана тиешелүү көрсөткүчтөр, биздин оюбуз боюнча, изилдөөнүн натыйжаларын илимий

жаңылык көз карашынан мүнөздөйт, бирок алар коргоого берилген жоболордо чагылдырылган эмес.

2. Диссертант “атайын курстун программасын” түзгөн,окуу методикалык комплекстерди, класстык сабактарды иштеп чыккан, бирок ошол маалыматтарды тиркемеде берип, диссертациянын мазмунунда колдоно алган эмес.

3. Калыптандыруучу эксперименттин соңунда жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүнүн деңгээлинин өзгөрүү динамикасын аныктай алдык деп жалпы сөз менен жазылган жыйынтык эмненин эсебинен, эмненин жардамы менен өзгөрүү болду деген суроолорду пайда кылат.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

**8. Диссертациялык ишти жалпы жонунан баалоо.** Жогорудагы далилдерди эске алып, бул диссертациялык иштин илимий жаңылыгы жыйынтыкталган, актуалдуулугу тастыкталган, практикалык баалуулугу менен айырмаланган, улуттук педагогика илими үчүн маанилүү эмгек деп атасак болот.

ИзденүүчүТолоев Максатбек Жеңишовичтин «Жогорку класстын мектеп окуучуларынын агрессивдүүлүк жоруктарын жоюунун педагогикалык шарттары» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши Талас мамлекттик университетинин педагогика кафедрасында талкууланып, жактырылды.

1. Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча коргоо үчүн КР ЖАКтын талаптарына ылайык келет жана анын автору Толоев Максатбек Жеңишович педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш Талас мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын окутуучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (Токтом №8, 17-май, 2021-ж.).

**Талас мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **А.А. Умарбекова**

Заверяю подпись:
Нач. ОК.

КОПИЯ ВЕРНА
КӨЧҮРМӨ ТУУРА
Отдел кадров | Кадрлар бөлүмү